МААЛЫМАТ БЮЛЛЕТЕНИ

# Кыргыз Республикасы

## Улуттук кеңсе

Өкмөттүн **улуттук башпаанек системасын** чыңдоо жана **качкындардын жергиликтүү интеграциясына** көмөк көрсөтүүгө багытталган аракеттерин колдойт

**Туулгандыгын кечиктирбестен каттоону** камсыз кылууну, **жарандыгы жоктукту алдын алууну камсыздоого** жана **Жарансыздык жөнүндө Конвенцияга** кошулууну колдойт

**Аргасыз көчүү учурларында өзгөчө кырдаалдарга даярдыкты камсыз кылуу боюнча** өнөктөштөр менен кызматташат



Photo: UNHCR/ Bektur Zhanibekov

2022-жылы кыргыз-тажик чек арасындагы зомбулуктун күчөшүнө байланыштуу 142 минден ашуун адам жер которгонго мажбур болгон. Япония элинин колдоосу менен БУУнун Качкындар боюнча комиссариат өнөктөштөрү менен бирге жарандык документтерди калыбына келтирүүнү колдоп, адамдардын өздүгүн тастыктаган документерге ээ болушту.

## Негизги көрсөткүчтөр (2023-жылдын 30-июнга карата)

**1 030**

**Качкындар жана башпаанек издегендер**

Афганистандан (459), Сириядан (65), Украинадан (28) жана башка өлкөлөрдөн.

**227**

**жарандыгы жок адамдар аныкталган**

аныктоо боюнча иштер улануда

**БУУ КБЖКнын Кыргыз Республикасындагы ишмердилиги БУУ КЖКБнын Казакстандагы, Кыргыз Республикасындагы, Түркмөнстандагы жана Өзбекстандагы Өкүлчүлүгү тарабынан координацияланат. 2022-жылы БУУ КБЖКсы Кыргыз Республикасында, Казакстанда, Түркмөнстанда жана Өзбекстанда качкындарды, башпаанек издегендерди жана жарандыгы жок адамдарды коргоону камсыз кылуу үчүн $6,4 миллион талап кылган. 2023-жылдын 31 августуна карата БУУ КБЖКБнын ишмердүүлүгү 44% каржыланган.**

### Биздин донорлорго ыраазычылык

**Кыргызстандагы БУУ КБЖКнын улуттук кеңсесинин пайдасына түздөн-түз жасалган төгүмдөрдү, ошондой эле төмөнкү өлкөлөрдүн донорлорунун максатсыз салымдарын жана кеңири багыттагы төгүмдөрүн баалайт, анын ичинде:** Бельгия | Германия | Дания | Европа Союзу | Ирландия | Нидерланды | Норвегия | Корея Республикасы | АКШ | Улуу Британия | Франция | Швеция | Швейцария. **БУУ КЖКБ төмөнку өлкөлөрдөгү жеке донорлордун маанилүү салымдарын жогору баалайт:** Австралия | Америка Кошмок Штаттары | Германия | Жапония | Корея Республикасы | Испания | Италия | Улуу Британия.


**БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ**

**Ханс Фридрих Шоддер,** БУУ КЖКБ Өкүлү: schodder@unhcr.org

**Иван Салеев**, Улуттук кеңсенин башчысы: saleyeu@unhcr.org

**Гүлайым Осмонова**, программанын улук жардамчысы: osmonova@unhcr.org

## Качкындарды жана башпаанек издеген адамдарды коргоо

БУУнун КЖКБ Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын колдоп жана качкындарды таанууга, коргоого жана интеграциялоого жардам көрсөтөт, 'мандаттык' качкындарга (БУУнун КЖКБ мандатына ылайык качкындар деп таанылган 118 адамга) жана 'конвенциялык' качкындарга (башпаанек издеген жана мамлекет тарабынан качкындар деп таанылган 137 адамдарга) кызматтын көрсөтөт.

2021-жылдын декабрында Кыргыз Республикасы Качкындар жөнүндө глобалдык келишимдин алкагында эки жаңы милдеттенме алган:

- Эл аралык жарандык авиация уюмунун (ИКАОнун) стандарттарына ылайык Кыргыз Республикасында таанылган качкындарга жана жарандыгы жок адамдарга машина окуй ала турган жол жүрүү документтерин берүү.
- Качкындардын жана башпаанек издегендердин саламаттык сактоо жана социалдык коргоо тутумдарына Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей шарттарда жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

Өнөктөштөр менен биргеликте БУУнун КБЖК ушул милдеттенмелердин аткарылышын колдоп, узак мөөнөт мурун БУУ КБЖКнын мандат менен камсыздалган 118 качкындын натурализациясын жана конвенциялык качкындардын интеграциясына көмөк көрсөтөт.

## Жарансыздык көйгөйүн жоюу жана аны алдын алуу

Жарансыздыкты жоюу боюнча #IBelong глобалдык кампаниясынын алкагында аракеттерди активдештирип, 2019-жылы Кыргыз Республикасы жарансыздыктын белгилүү болгон учурларын чечкен дүйнөдөгү биринчи өлкө болуп белгиленди. Бирок, 2021-жылдын аягында жарансыздыктын белгилүү учурларынын саны кайра 600гө жетип жана жаңы учурларды аныктоо мүмкүнчүлүктөрү жогорлоду.

Жарансыздыктын жаңыдан аныкталган учурларын чечүү жана жарансыздыктын кайталанышына жол бербөө максатында БУУнун КЖКБ жана анын өнөктөштөрү 2019-жылдын октябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Жарансыздык боюнча жогорку деңгээлинде кабыл алган милдеттенмелерди аткарууда колдоо көрсөтүүдө, алардын ичинде:

- Туулгандыгы катталбаган балдарга туулгандыгы жөнүндө күбөлүктөрдү берүүгө
- Кыргыз Республикасында ар бир төрөлгөн баланын туулганын каттоону камсыздоо үчүн туулгандыгын каттоо жөнүндө улуттук мыйзамдарды эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүүгө
- Жарандыгы жок адамдын укуктук статусун аныктоо жөнүндө жоболорду кабыл алууга
- Жарансыздык жөнүндө 1954 жана 1961-жылдардагы Юнвенцияларга катышуучу мамлекеттердин тажрыйбаларын изилдөөдө.

БУУ КБЖК эл аралык стандарттарга шейкеш келүүгө көмөгүн көрсөтүп жана качкындардын, башпаанек издеген адамдардын, жарандыгы жок адамдардын укуктарына тийиштүү 6 мыйзам долбооруна комментарий берди, андай укук жана мүмкүнчүлүктөрдүн ичинде: саламаттык сактоо, билим алуу жана ишке орношуу. 2023-жылдын ортосуна карата 29 сунуштун арасынан 16 кабыл алынды, кабыл алынган сунуштардын арасында саламаттык сактоо кызматтарына качкындар жарандар менен тең абалга келтирүү, бардык балдардын туулганын каттоо менен камсыз кылуу менен байланыштуу 2019-жылы алынган 2 убада аткарылды. Кайтарып жибербөө, камакка алынган адамдардын башпаанекке кайрылуу, качкындардын жогорку билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн жарандар менен тең абалга келтирүү, мамлекет кепилдеген юридикалык жардам, жарансыздыктын алдын алуу, натуралдыштыруу, жарандыгы жок адамдардын статусун аныктоо, жарандыгы жок адамдарга жана качкындарга жол документтерин берүү тартиби боюнча иштери уланууда.

**Кыргыз Республикасынын жарансыздык боюнча улуттук мыйзамадарынын талдоосун**
**Жүктөп алуу.**

## Өзгөчө кырдаалдарга даярдык көрүү

Өзгөчө кырдаалдарга даярдыкты камсыздоо жана аларга жооп кайтаруу максатында БУУнун КЖКБ улуттук, аймактык жана көп агенттиктердин аракеттерин коргоо талабын эске алуу менен мамилени камсыздоо Кырсыктарга жооп кайтаруу координациялык БУУнун Тобу (КЖККТ) жана БУУнун өзгөчө кырдаалдарды ыкчам баалоо жана координациялык Тобу (REACT) менен кызматташат.

2022-жылы кыргыз-тажик чек арасындагы аргасыз ички жер которуу боюнча өзгөчө кырдаалга жооп катары КЖККТ ишмердүүлүгүнүн алкагында БУУ КЖКБ Укуктук коргоо секторун жетектеп, Турак жай/ азык эмес товарлар секторунун ишине өз салымын кошкон.

БУУнун КЖКБ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө өзгөчө кырдаалдарга даярдык көрүүнү жана мажбурланган жер которуу кырдаалдарына жооп кайтаруу үчүн улуттук потенциалын түзүүгө максаттарына колдоо көрсөтүүдө.

## Өнөктөштөр менен кызматташуу

Өкмөттүк өнөктөштөр: тышкы иштер, эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция; санариптик өнүгүү; юстиция; саламаттык сактоо, билим берүү, ички иштер; өзгөчө кырдаалдар министрликтери жана мамлекеттик чек ара жана улуттук статистика кызматтары. Кыргыз Республикасында БУУнун КЖКБ өнөктөш «Адилет» Юридикалык Клиника» Коомдук Фонд аркылуу иштейт.

БУУнун өлкө тобунун жана анын Туруктуу өнүгүү жаатындагы кызматташтыктын алкактык программасынын активдүү мүчөсү катары, БУУнун КЖКБ БУУ жана өнүгүү боюнча өнөктөштөрү, эл аралык финансылык мекемелер жана башка кызыкдар тараптар менен Туруктуу өнүгүү жаатындагы максаттарына (ТӨМ) мамлекеттер жетишүүнүн алкагында качкындардын, башпаанек издегендердин жана жарандыгы жок адамдардын артта калтырбоо үчүн өз ара аракеттенет. 2023-жылдагы Качкындар Глобалдык Форумунун алдында БУУнун өлкө топтору БУУнун 2.0 биргелешкен милдеттенмелери боюнча өлкөнүн салымын аныктоо максатында, кабыл алынган милдеттенмелер качкындардын жана жарандыгы жок адамдардын жашоосуна түздөн-түз өлчөнө турган өзгөрүүлөргө алып келээрин камсыз кылууда.